Каралды
Педагогикалык кеңеш алдында
Протокол № 4
“10” 01 2022-жыл

Бекитемин
Мектеп директору:
Сарытаева Д.Т.
“10” 01 2022-жыл

**Кызыл-Кия шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндө жобосу**

**I. Жалпы жобо**

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын “ Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык Токтогул атындагы №6 орто мектебинин Уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2. Жобо окуу жылы ичинде 5-11-класстардын окуучуларынын предметтер боюнча билим сапатын эки жолу аныктоону ирээтке келтирүүчү №6 орто мектебинин локалдык актысы болуп эсептелет.

1.3. Бул жобо- нормативдүү документ, билим сапатын аныктап туруу үчүн аны өткөрүүнүн формасын жана жолун регламенттейт.

1.4. Билим сапатын көзөмөлдөө- билим берүү процессинин зарыл компонентинин бири.

1.5. Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү азыркы учурда билим сапатын жогорулатуу үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдин сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү замандын талабы.

1.6. Билим сапатын көзөмөлдөө системасы мугалим №6 орто мектебинин ишинин сапатын аныктоого багытталат.

1.7. Окуу максаты-билим берүү процессинин бардык катышуучуларына билим сапатын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым- байланыш. Билим берүүнүн сапаты-билим берүүнүн системасына мүнөздөмө берүү.

1.8. Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр:

1. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары ;
2. Бирикме жетекчилери.

   Аткаруучулар-предметтик мугалимдер.

**II. Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби**

2.1. №6 орто мектебинин билим берүү чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жылы ичинде эки жолу- биринчи жана экинчи жарым жылдыкта окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү пландаштырылат.

2.2. Көзөмөл жүргүзүүгө календарлык-тематикалык планда резерв саатардын эсебинен саат бөлүнүп, окуучулардын ишине балоо жүргүзүү класстык журналга түшүрүлөт.

2.3. Көзөмөл жүргүзүүнү уюштуруу, талдоо жүргүзүү, жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бирикме жетекчисине жүктөлөт.

2.4. №6 орто мектебинин окуу жылынын башында бекитилген окуу- тарбия прцессинин жалпы планына ылайык түзүлгөн график боюнча көзөмөл жүргүзүүгө предметтик мугалимдер милдетүү.

2.5. Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылдыктарда алынган текшерүү иштери боюнча алардын жыйынтыгы салыштырылып, талданып, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ атындагы
№ 6 орто мектеби

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ
сш №6 им.ТОКТОГУЛА

**№ 28 буйруктан көчүрмө**

10.01.2022-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жобосу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин педагогикалык кеңешинин 2022-жылдын 10 - январындагы №4 протоколунун 3- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Мектептин окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндөгү жобосу кабыл алынсын.
2. Мектепте окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү иштери ушул жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
3. Мектеп администрациясы жана усулдук бирикме жетекчилери жобо менен жакындан таанышып чыгышсын.
4. Буйруктун аткарылыша жооптуу болуп окуу бөлүмүнүн башчысы Эгембердиева А.Д. жана башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Тойгонбаева Б.Т. дайындалсын.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.